„Бекитемин"
Тарбия завуч
Акпанова Ж.Ж.
03.09.2019

**№96 орто мектеби**

# *Тарбиялык саат*

# *Тема: Техника коопсуздугу*

## *3-Б класс*

***Класс жетекчиси: Чупоева Аида***

***Бишкек 2019***

# Тема: Техника коопсуздугу

Сабактын максаты:

1.Окуучуларды тартиптүү болуу жана техникалык коопсуздукту сактоого үйрөтүү.

2.Окуучуларды коомдук жайларда өзүн өзү туура алып жана тазалыкты сактоого өбөлгө түзүү.

3. Коомдук жайларда улуу кичүүнү сыйлоого тарбиялоо.

**өрт коопсуздугу боюнча инструкция**

1.Иш-чара өткөрүү учурунда өрт коопсуздугун сактоого класс жетекчи жооп берет.

2.Ар кандай иш-чара класс жетекчинин, дежур мугалтимдин, завучтун катышуусунда өрт коопсуздугун сактоо менен өткөрүлүшү.

3.Иш-чара өткөргөн имараттын кирүү, чыгуу өтүмдөрү ачык болуу керек.

4.Массалык иш-чара өткөрүү учурунда эшиктерди кулпу менен жабууга тыюу салынат.

5. Эшиктин алдында ата-эне же дежур мугалим турушу керек.

6. Иш-чара өткөрүү учурунда химиялык же башка заттарды пайдаланып жарык эффектерин чыгарууга тыюу салынат.

7. өрткө кооптуу суюктарды, кийимдерди, париктерди тазалоо үчүн пайдаланууга тыюу салынат.

8.Жаңы жылдык елка, занавеска, штора, жылыткыч куралдардан алыс бекем бекитиши керек. Бенгаль отторун, шамдарды, хлопушкаларды пайдаланууга тыюу салынат ж.б.

9.Эгер өрт болсо тез 101 телефонуна кабарлап,окуучуларды эвакуацыылоо керек.

***Жөө жүрүүчүлөрдүн милдеттери:***

1. Жөө жүрүүчүлөрдүн тротуар менен же жөө жүрүүчү жол менен, алар жок болсо жолдун чети менен жүрүшү керек.

2. Жөө жүрүүчүлөр жолдон өтүүдө жөө жүрүүчүлөрдүн өтмөсүнөн өтүшү керек, ошондой эле жер астындагы же жер үстүндөгү, ал эми алар жок болсо, тротуар жана жолдун четинин сызыгы менен жолдун кесилишинен өтүшү керек.

3. Кыймылдардын тартипке салуучу жерлерде жол жүрүүчүлөрдүн тартипке салуучу адамдын белгиси менен же жөө жүрүүчүнүн светофордун, ал эми светофор жок болсо унаа светофордун колдонмо кылуу керек.

4. Топ балдарды тротуар жана жөө жүрүүчүлөр жол менен, ал эми алар жок болсо, жолдун чети менен, бирок жарык убакта жана чоңдордун узатуусу менен гана жүрүүгө уруксат берилет.

5. Жөө жүрүүчүлүлөр машиналар менен жүрүүчү жолго чыкканда буйдалбашы жана токтобошу керек, эгерде бул кыймылдын коопсуздугун сактоо менен байланыштуу болбосо. Жолдон өтүүгө жетишпей калган жөө жүрүүчүлөр, карама-каршы багыттагы транспорт агымын болгон сызыкка токтошу керек. Жөө жүрүүчү кыймылдын коопсуздугуна көзү жеткенден кийин гана жана светофорго жараша өтүү керек.

**Техникалык коопсуздук эрежелери**

1.Кабинетте тартипти, тазалыкты сактагыла.

2.Кабинетте электр өткүргүчтөрү бар экенин эсиңерден чыгарбагыла!

3.Розетканы суу колуң менен кармаба!

4.Розеткага (электр тогуна) металл зымдарды сайба!

5. Ачык турган терезеден башыңды чыгарып, терезеде ойнобо!

6.Кайчы менен иштеген учурда, кайчынын учунан кармап туруп бер!

7. Ийне менен иштегенде, ийненин оозуна салба, киймине сайба.

8.Ручка, сызгыч, карандашты ыргытпастан колмо-кол алышкыла!

9. Коомдук мүлктү сындырба, аны көздүн карегиндей сакта.

10. Кеттип жатканда электр жарыгын өчүр.